ЖАКТЫРЫЛДЫ

Нарын медициналык колледжинин

педагогикалык кеңешинин

чечими менен

Протокол № 1

«30» 08 2017 г.

БЕКИТИЛДИ

Нарын медициналык

колледжинин директорунун

№ 14 буйругу менен

«30» август 2017 г.

# Нарын медициналык колледжинде студенттердин билимин модуль-рейтинг системасы боюнча баалоо жобосу.

Жобо КР «Билим берүү тууралуу» закону, Нарын медициналык колледжинин Уставы , Россия Федерациясынын жана Казахстандын рейтинг системасын жайылтуу тажрыйбасынын негизинде иштелип чыкты.

Чет жана Ата-Мекендик мамлекеттеринин модуль-рейтинг системасы боюнча студенттердин билимин баалоо тажрыйбасы жогорку сапаттагы адистерди даярдоону , колледждин алдында коюлган маселелерди натыйжалуу чечүүсүнө көмөк берүүсүн көрсөтөт.

Студенттердин жетишүүсүн рейтинг формасы менен текшерүү, семестр жана баардык окуу мөөнөтүндө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана туура, так баа берүүнү камсыз кылат.

Модуль-рейтинг системасын окутууга жайылтуу студенттин билимин гана эмес, окутуучулардын дагы билим беруусунун натыйжалуулугун көрсөтөт.

Рейтинг системасы студенттин окуу ишмердүүлүгүнүн баардык түрүнө:окуу планы боюнча ар бир дисциплинаны окуп чыгуу,практиканы өтүүсүнө интегралдуу баа берет.Ошондуктан окуу рейтинги студенттин окуусунун ар кандай этабындагы ишмердүүлүк сапатынын көрсөткүчүнүн натыйжалуу критерийи.

## Текшерүүнүн түрлөрүү

Студенттердин семестр ичинде предметтер боюнча материалды өздөштүрүүсүн баалоо **сабак учурундагы**(текущий),**рубеждик жана жыйынтыктоочу** текшерүү менен жүргүзүлөт.

**Сабак учурундагы текшерүүнүн түрлөрү:** семинардык,практикалык сабактарда суроолорго ооз эки жооп берүү,практикалык ыкмаларды аткаруу,үйгө берилген тапшырманы аткаруу,лекцияга конспект түзүү,сабакка катышуусу.Сабак учурундагы текшерүү студенттердин күнүмдүк ишин жандандырууга багытталат.

**Рубеждик текшерүү:** алынган модулдардын материалдары боюнча жүргүзүлөт.Предметтин мазмуну жана окуу программанын негизиндеги жалпы окуу жүктөмүнө жараша ,студенттердин билимин,билгичтиктерин баалоо жана семестр ичиндеги студенттердин өз алдынча иштөөдөгү ишинин жазуу түрүндөгү отчетун кабыл алуу менен жүргүзүлөт.

**СӨИ**-маселе чечүү,графикалык тапшырмалар,**ОИИ** аткарууну камтыйт.**СӨИ** экинчи модулду тапшыруунун алдында коргоо керек,максималдуу 10 балл менен бааланат жана ведомостун өзүнчө бөлүгүнө белгиленет.

Физкультура сабагынан окуу программада камтылган кайсы спорттук жетишкендиктери үчүн(нормативдер,физикалык даярдыгынын денгээли) студент максималдуу 20 баллды ала алаары жазылышы керек.

Рубеждик текшерүүнүн мөөнөтү окуу процессинин календардык графиги менен белгиленет.

**Жыйынтыктоочу текшерүү:** студенттердин билимин жалпылоого жүргүзүлөт.

**Рейтинг бааларын аныктоо эрежелери.**

1.Колледжде окутулган баардык дисциплиналар эки категорияга бөлүнөт:

-экзамен берилүүчү;

-зачет берилүүчү.


2.Студенттердин ар бир предметти толугу менен мыкты өздөштүрүүсү 100 рейтинг балы менен бааланат.

3.Семестрда окуутулган ар бир дисциплиналардын мазмуну 2модул бөлүнүшү керек.

-Сабак учурундагы жана рубеждик текшерүүнүн түрү жана формасы окутуучу тарабынан белгиленет жана кошуундун кенешмесинде бекитилет(30 рейтинг баллын беруү менен).

-экинчи модул боюнча текшерүү компьютердик(бланка түрүндө)тестирлөө менен жүргүзсө болот(30 балл).

-Предметтин окутуучусу биринчи сабакта студенттерге модулдун саны,анын мазмуну,рейтинг баллдары тууралуу маалымат берип кетүүсү зарыл.




1.Рубеждик текшерүүнүн жыйынтыгында максималдуу рейтинг баллы 60 га барабар болот.

2.Рубеждик текшерүүнүн жыйынтыгын кайрадан тапшырууга уруксат берилбейт.

3.Эгерде студент рубеждик текшерүүгө себептүү келбей калса,ал керектүү документтерин көрсөтүп колледждин ОИ боюнча директордун орун басарынан уруксаат алып кийинки текшерүүгө чейин берсе болот.

4.Рубеждик текшерүүнү жүргүзүп жаткан окутуучу модулдун баллын сабак берген окутуучунун койгон баллдарын эске алып белгилейт.

5.Эгерде студент предмет боюнча семестрде 35 баллдан төмөн алса жыйынтыктоочу текшерүүгө киргизилбейт.

6.Жыйынтыктоочу текшерүүгө киргизилбеген жана зачет же экзаменден канаттандыраарлык эмес деген баа алган студенттерге,сессия узартылат(каникул учурундагы мини сессия).

7.Студент жыйынтыктоочу текшерүүгө чейин 55-60 балл топтосо,жыйынтыктоочу текшерүүдөн өтпөстөн канаттандыраарлык деген бааны ала алат.

Жыйынтыктоочу текшерүү экзамен же зачет тапшыруу менен өтөт

(40 балл).

Экзамендер баардык дисциплиналардан оозеки же жазуу түрүндө экзамендик билеттер боюнча жүргүзүлөт.Экзамендик билеттер окуттучу тарабынан түзүлүп кошуун башчылар жана ОИ боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет.

8.Колледжде ар бир дисциплиналардан студенттин жетишүүсүн баалоодо,р ейтинг баллдарын коюууга бир типтүү ведомостун түзүлүшү зарыл.

- 1 модулга(30 баллдан өйдө эмес);
- 2 модулга(30 баллдан өйдө эмес);
- СӨИ жазуу түрүндөгүү отчетуна(10 баллдан өйдө эмес);
- Рубеждик текшерүүнүн жыйынтыктоочу рейтинг баллы(60ден жогору эмес);
- Экзамен же зачеттон алган баллы(40 баллдан өйдө эмес); жалпы баллы жана баасы.

9.Дисциплина боюнча жалпы баасы экзамендикведомостко жана зачеттук китепчеге коюлат:

- 0-54 баллга чейин-«канаттандыраарлык эмес»;
- 55-69 чейин-«канаттандыраарлык»;
- 70-84 чейин -«жакшы»;
- 85-100 чейин-«эн жакшы»;
- 0-54 чейин -«зачет эмес»;
- 55-100 чейин-«зачет».

10.Рейтингди жогорулатуу максатында экзаменди кайра тапшырууга уруксат берилбейт.

11.Практиканын баардык түрлөрү өз алдынча дисциплина катары белгиленет(100 баллдык баалоо менен).

**Модуль-рейтинг схемасын жайылтуудагы структуралык**

**байланыштардын схемасы**

***Билим берүү политикасын, мониторинг жана окуу процессин башкаруу.***

1. Рубеждик жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн мөөнөттөрүн бекитүү.
2. Өз учурунда экзамендик ведомостор менен камсыз кылуу.
3. 2 модуль боюнча кээ бир тайпаларда компьютердик же бланка түрүндө тестирлөө жүргүзүү.
4. Автоматташтырылган система боюнча сабак учурундагы,рубеждик жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын чыгаруу, анализдөө.
5. Ар бир структуралык бөлүмдүн жана жалпы колледж боюнча студенттердин билим сапатын жыйынтыктоо.

***Колледждин окуу бөлүмдөрү.***

1. Рубеждик жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн графиктерин түзүү.
2. Колледжде окуттудагы модулдук технологияны жүргүзүүгө көз салуу.
3. Колледжде модулдук технологияны уюштуруу жана жүргүзүү. Экзамендик ведомосторду учурунда,туура толтурууну жана сактоону камсыз кылууга милдеттүү.

4.Экзамендик ведомосторду өз учурунда автоматташтырып иштеп чыгуусуна берүү.

***Кошуундар.***

1.Окуу дисциплинар боюнча сабак өтүүнүн сапатына көз салууга милдеттүү.

2.Окуу программаларын иштеп чыгуу(силабус),модулдарга бөлүү,студеттердин өз алдынча ишинин түрүн,чыгармачылыгын аныктоо.

3.Модулдук тапшырмаларды иштеп чыгуу,анын ичинде программага ылайык тесттик тапшырмаларды, студенттердин билимин балоо критерийлерин.

4.Сабак учурундагы жана рубеждик текшерүүнүн жыйынтыгы менен студенттердин билиминин жана билгичтиктеринин жыйынтыктарын анализдөө.

5.Кошунга тиешелүү дисциплиналар боюнча рубеждик жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн графигин жана түрүн аныктоо

6.Экзамендик ведомосторду учурунда жана туура толтурууга жоопту.